**ОРУНБАЕВ Т.А., ТАЙИРОВ М.М.,**
*БатМУ*

# АЙМАКТЫК ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДЫН БҮГҮНКҮ АБАЛЫ ЖАНА МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүүсүнүн алдында турган эң маанилүү проблема - адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу. Бирок азыркы жогорку окуу жайлардагы (ЖОЖ) адис даярдоо сапаты заман талабына канчалык деңгээлде жооп берет? Дүйнөлүк билим берүүгө интеграциялануууну талап кылып жаткан бүгүнкү күндө Кыргызстандын ЖОЖдорунун азыркы ишмердүүлүгү буга шайкеш келеби? Мына ушул суроолорго жооп издөөдөн мурда Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын шарттуу түрдө “борбордук”, “аймактык” болуп бөлүнөрүн эске албай коюуга мүмкүн эмес.

Аймактык ЖОЖдор Кыргыз Республикасы өзүнүн эгемендүүлүгүн жарыялагандан кийин пайда болушкан. Алардын ачылышы негизинен бир гана объективдүү фактор менен мүнөздөлөт: көпчүлүк ЖОЖдор республиканын борборунда жайгашып, калктын социалдык-экономикалык абалынын төмөндүгүнөн улам окууну каалаган жаштардын борборго келүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу менен шартталган. Советтер Союзунун тушунда Кыргыз ССРинин жогорку окуу жайлары республиканын борбору Фрунзеге топтолуп, Ош областынын борбору Ош шаарында Ош мамлекеттик педагогикалык институту, Фрунзе политехникалык институтунун кечки факультети, Ысык-Көл областынын борбору Пржевальск шаарында Пржевальск педагогикалык институту гана болгон. Ал учурда жалпы Советтер Союзунун ЖОЖдорунан билим алууга кыргыз жаштарынын да мүмкүнчүлүгү болгондуктан, союздук республикаларда, анын ичинде Кыргызстанда, адистерди даярдоонун улуттук саясаты жүргүзүлгөн эмес. Жогорку билим берүү негизинен орус тилинде гана ишке ашырылган.

Эгемендүүлүккө ээ болгон соң, Кыргызстан бул жаатта өз саясатын жүргүзө баштады. Калктын социалдык-экономикалык абалын эске алуу менен аймактарда бир топ ЖОЖдор ачылды. Бул кадам адегенде борбордогу ЖОЖдордун филиалдарын ачуу менен башталган. Мында, ЖОЖдор биринчи орунга өздөрүнүн финансылык кызыкчылыктарын койгондуктан, областтык гана эмес, райондук борборлордо, а түгүл кээ бир айылдарда да “баланча ЖОЖдун филиалы” ачылып, окутуунун сапатына алгылыктуу көңүл бурулбаган, алардын ишмердүүлүгүн тескөө да жакшы жолго коюлган эмес. Бул филиалдардын көпчүлүгү юридикалык, экономикалык жана педагогикалык багыттагы адистиктер боюнча кадр даярдоого белсенишкен эле. Мезгил талабына ылайык аларды тескөө күч алып, билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө чамасы келбей калган филиалдар жабылууга аргасыз болушту, себеби мында материалдык-техникалык база, кадр потенциалы негизги ролду ойнойт эмеспи. Алар билим алуу үчүн келген жаштардын заманбап муктаждыгын канааттандыра албагандыктан, тапшырган абитуриенттердин саны да кескин кыскарып кетти. Анткени, калктын материалдык жана социалдык абалы бир аз жакшырып, мүмкүнчүлүгү кеңейип, абитуриенттер сапаттуу билим берүүчү ЖОЖдорду тандай башташты.

Ошол жылдары адегенде филиал же окуу-консультациялык пункт катары пайда болгон аймактык окуу жайлардын арасынан Нарын мамлекеттик университети, Баткен мамлекеттик университети жана Талас мамлекеттик университети өздөрүн ЖОЖ катары таанытууга кудурети жетип, бүгүнкү күндө билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүп келатышат. Булардын ЖОЖ катары жашап кетишине төмөндөгү негизги факторлор өбөлгө болду:

- материалдык-техникалык базанын заман талабына ылайык чыңдалышы;

- профессордук-окутуучулар курамынын түзүмү жана алардын сапатын арттыруу, б.а. илимий даражага жана наамга ээ болуусу үчүн аларга материалдык жана моралдык жактан үзгүлтүксүз колдоонун көрсөтүлүшү;

- аудиториялык фондунун жетиштүүлүгү жана алардын талаптагыдай жабдылышы;

- финансылык каражаттын үнөмдүү жана максаттуу сарпталышы;

- эл аралык байланыштар чыңдалып, ар түрдүү эл аралык Фонддор каржылаган программалардын алкагындагы долбоорлорго катышып, инвестициянын тартылышы;

- даярдалып чыккан адистердин ишмердүүлүгүн такай көзөмөлдөп, алардын мыкты жетишкендиктери тууралуу маалыматтын эл арасына таркатылышы;

- аймактык ЖОЖ деле кадимкидей ЖОЖ экендигине ата-энелердин жана коомчулуктун ынанышы.

Аймактык болуп эсептелген НМУ, БатМУ, ТалМУ сыяктуу ЖОЖдордун бүгүнкү абалына саресеп салып, кыскача төмөндөгүлөрдү айтууга болот.

С.Нааматов атындагы **Нарын мамлекеттик университети** 1996-жылдын 22-майында Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен Нарын айыл чарба техникумунун, К.Мамбетакунов атындагы педагогикалык окуу жайынын, облустук мугалимдердин билимин жогорулатуу институтунун жана Кыргыз архитектуралык курулуш институтунун Нарын филиалынын базасында ачылган. 2009-жылы НМУга Сатыбалды Нааматовдун ысымы ыйгарылган. НМУ жогорку билим берүү жаатында тез эле оозго алынып, инновациялык технологияларды окуу процессине кийирүүдө, эл аралык байланыштарды чыңдап, эл аралык Фондулар каржылоочу программалар жана долбоорлор менен иштөөдө мыкты ийгиликтерди жаратты. Университеттин эл аралык байланыштар бөлүмү негизделгенден бери 100дөн ашык кызматкерлер жана студенттер 20дан ашык Европа өлкөлөрүндө, Россия Федерациясында, Америка Кошмо Штаттарында, Түштүк Кореяда, Кытай Эл Республикасында, Түркия, Индия жана Малайзия өлкөлөрүндө билим алууга мүмкүнчүлүк алышты.

НМУ 2004-жылдан бери Европа Биримдигинин көмөгүндөгү билим берүү системасын модернизациялоо процессин колдоого багытталган Темпус программасынын өнөктөшү. Учурда TUNING TUCAHEA, CANQUA, EDUCA, DoQuP, HONOR, MAPREE эл аралык долбоорлору демилгеленип ишке ашууда. Ар бир окуу жылында Erasmus Mundus программасынын алкагында НМУнун студенттери, профессордук-окутуучулук жана административдик курамы 1 айдан 36 айга билимин өркүндөтүүгө, илимий изилдөө боюнча тажрыйба топтоп келүүгө мүмкүнчүлүк алышат.

2010-жылы НМУ Европалык Бизнес Ассамблеясынын (Оксфорд, Англия) "Европалык сапат" эл аралык сыйлыгына татыктуу болгон. Университетке Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы да ыйгарылган.

**Баткен мамлекеттик университети** КР Президентинин Указы менен 2000-жылдын 25-июлундагы ОшМУ менен М.Адышев атындагы ОшТУнун Кызыл-Кыядагы, Сүлүктүдөгү филиалдарынын, И.Арабаев атындагы КМПУнун Баткендеги окуу-консультативдик базасында ачылган. Башка ЖОЖдордон айырмаланып, БатМУ "федералдуу" мүнөзгө ээ: түзүмдүк бөлүмдөрү Баткен, Кызыл-Кыя, Сүлүктү шаарларында жайгашкан. Анын курамына Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институту (КГПИ), Кызыл-Кыя экономика, укук жана технология институту (КЭУТИ), Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институту (СГЭИ) кирет. Университет түрдүү багыттагы кадрларды даярдоо боюнча эл арасында кадыр-баркка ээ боло алды. Институттар өз алдынча түзүмдүк бөлүм катары жашап иштеп келе жатат. Кийинчерээк БатМУнун ар бир түзүмдүк бөлүмдөрү кесиптик орто билим берүүчү колледждерди ачууга да жетишти.

Университет иштей баштагандан илимий-изилдөө иштери жакшы жолго коюлуп, илимий даражалуу кадрларды даярдоо жаатында мыкты ийгиликтерге жетишти. Мында айрыкча КГПИнин жасаган секиригин белгилөөгө болот: 15 жыл ичинде түрдүү багыттар жана адистиктер боюнча 2 илимдин доктору, 20дан ашуун илимдин кандидаттары өсүп чыкты.

Университет өзүнүн илимий багыты катары Кыргызстандын түштүк-батыш чөлкөмүнүн табиятын, экологиясын, тилдик жана фольклордук өзгөчөлүгүн ар тараптуу изилдөөнү тандап алган. Бул жаатта да айтаарлык иштер аткарылды. Мурда оздон оозго гана айтылып келген ырчылардын, жамакчылардын, тарыхчылардын чыгармачылыгы илимий негизде иликтенип, массалык маалымат каражаттары аркылуу жалпы журтка жайылтылды. Университет дал мын ушул багыттагы илимий изилдөөлөргө зор өбөлгө түздү. БатМУ КГПИде үч кандидаттык диссертация корголду: "Кыргыз тилинин түштүк-батыш диалектисинин өзгөчөлүктөрү" (И.М.Жороев), "Акын Э.Эрматовдун поэзиясы" (К.Пахыров), "А.Масалиевдин мамлекеттик саясий ишмердүүлүгү" (А.Т.Бердиев). Ошондой эле Кадамжай районунун (Х.Р.Тайиров), Кызыл-Кыя шаарынын (Б.А.Сыдыков) тарыхы, түштүк-батыш чөлкөмдөгү кыргыз урууларынын санжырасы (Ш.М.Урайимов) боюнча диссертациялар жазылууда. Чыгармалары буга чейин эл оозунда жашап келген Туяк ырчынын, Молдо Карванийдин чыгармалары басмадан чыгарылды, Фергана хандарынын тарыхын жазып кеткен Зиявиддин Максым, Полот хан, Кубат бий, Ташбек датка ж.б. тарыхый инсандар тууралуу маалыматтар жыйналды.

**Талас мамлекеттик университети** 2000-жылдын 25-июлунда 1996-жылы ачылган И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин филиалынын базасында ачылган. ТалМУ да аймактык ЖОЖ катары Талас облусунун табиятын, экологиясын, экономикасын, тилдик жана фольклордук өзгөчөлүгүн изилдөөнү илимий-изилдөө багыты катары тандап алган. Университет ЖОЖ катары калыптанууда материалдык, финансылык жана кадрдык маселелер боюнча бир топ кыйынчылыктарды баштан кечирди. ТалМУ азыркы күндө өзүн ЖОЖ катары тастыктоого жетишип, кадрларды калктын талабына ылайык даярдоо үчүн зарыл болгон адистиктер боюнча окутуу ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө. ТалМУнун өзгөчөлүгү катары Бишкектеги ЖОЖдор менен тыгыз байланышта иштеп жаткандыгын белгилөөгө болот.

Аймактык ЖОЖдордун артыкчылыгы - алар уюшулгандан бери ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө жашап кетүү мүмкүнчүлүгүн арттыруунун үстүндө такай эмгектенгендиги. Алар алгач ачылганда кадрлардын жетишсиздиги, окутуучулардын начар сапаттык курамы, материалдык-техникалык базанын чабалдыгы, студенттер контингентинин төмөндөп кетүү тенденциясы сыяктуу бир катар жагымсыз жагдайлар болгон. Мына ушулар менен күрөшүүдө аймактык ЖОЖдор өзүнүн ички потенциалын гана жумшай ала тургандыгына көзү жетип, ар тараптуу аракеттерди жасоого белсенишкен.

Педагогикалык билим берүүнүн бүгүнкү абалын жана ЖОЖдордун иш практикасын талдоо көрсөткөндөй, жакынкы жылдарда жогорку билим берүү системасы Кыргыз Республикасындагы социалдык-экономикалык жана рыноктук мамилелердин өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө жараша келип чыгуучу проблемаларга туш келет. Ал проблемалардын айрымдары төмөнкүлөр:

- жогорку билим берүү системасында келишимдик негизде окуган студенттер контингентинин азайышы;
- айрым ЖОЖдордо билим берүү чөйрөсүнүн толук калыптанбагандыгынан жана окуу-методикалык, материалдык-техникалык базанын чабалдыгынан, окутуучулар менен студенттердин төмөн деңгээлинен улам окутуу сапатынын төмөндөшү;
- орто мектепти бүтүрүүчүлөрдүн санынын тышкы миграциядан жана башка себептерден улам кескин азайышы.

Мына ушул проблемаларды чечүү үчүн ЖОЖдордо окутуунун сапатын башкарууну өркүндөтүү зарыл. Бул жаатта ЖОЖдордун профессордук-окутуучулар жамааты демилге көтөрүп, алгылыктуу аракеттерди көрүү зарыл. Бирок окуу жайлардын көптүгүнө байланыштуу аларга мектептен алган билими начар, окууга жөндөмсүз абитуриенттер да студент болуп кирүүдө. Бул жогорку окуу жайларында мыкты адистердин даярдалышына тоскоолдук кылат.

Бүгүнкү аймактык ЖОЖдордо перспективалуу жана позитивдүү багыттардын бар экендигине карабастан, аларда олуттуу карама-каршылыктар да бар: окууга

умтулгандардын санынын өсүшү жана гранттык орундардын кыскарышы; адистердин квалификациясына коюлуп жаткан жаңы талаптар жана окуу-нормативдик базанын артта калышы; адистерди чыгаруу көлөмү менен алардын жумушка орношуусундагы асман менен жердей ажырымдын болушу ж.б.

Ошентип, ЖОЖ илимий изилдөөнүн олуттуу объектиси болуп саналат. Ал эми окуу процессин өнүктүрүүдө анын артыкчылыктуу багыттарын аныктоо, айрыкча, аймактык ЖОЖдор үчүн өтө зор мааниге ээ экендиги шексиз.